КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ИНДУСТРИАЛДЫК - ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ

# Педагогикалык орто ксиптик окуу жайларынын 050709 - “Башталгыч класстарда окутуу” адистиги боюнча усулчу мугалимдер жана билим алып жаткан студенттер үчүн практика боюнча окуу-усулдук колдонмо

Ош - 2020

Ош мамлекеттик университеттин

Индустриалдык педагогикалык колледжинин

Педагогикалык кеңешинде каралды

Бекитемин

ИПКнын директору

протокол №___ доц. Шаимкулов О. А.

“ ” _____ 2020-ж.

« ____ » __ _______ 2020-ж

Педагогикалык практика боюнча окуу-усулдук колдонмодо педагогикалык орто ксиптик окуу жайларынын 050709 - “Башталгыч класстарда окутуу” адистиктериндеги дистанттык практикалардын максат милдеттери, практикага тиешелүү маселелер, практиканын жобосу так аныкталып берилди жана педагогикалык практикада колдонулуучу план, программалар, мугалимдердин, болочок педагогдордун өзүн-өзү өркүндөтүүсүнүн маданияты көрсөтүлдү.

Түзүүчүлөр: п.и.к., доцент ________________________________

окутуучу Мамыровава А.Ю.

Рецензенттер: п.и.к., доцент_____________________________

Педагогикалык орто кесиптик окуу жайларынын 050709 - “Башталгыч класстарда окутуу” адистигинде билим алган студенттерине педагогикалык практиканы дистанттык формада уюштуруу боюнча

Жобо

Бул жобо 2020-жылдын 24-мартындагы Билим берүү жана илим министринин №323/1 , 324/1 буйрукктарынын негизинде иштелип чыккан 2020-жылдын 7-апрелдеги ОшМУнун №12/357буйругунун негизинде иштелип чыккан.

**Педагогикалык практиканын мөөнөтү:** 4 жума;
**Мамлекеттик педагогикалык практиканын мөөнөтү**: 5 жума.
**Максаттары:**

- Заманбап маалымат технологиялардын жана телекоммуникациялык каражаттардын жардамы менен дистанттык педагогикалык ишмердүүлүк боюнча тажрыйба топтоо жана өркүндөтүү;
- Мамлекеттик стандартка ылайык компетенттүүлүк жана метапредметтик мамилелердин негизинде сабактарды долборлоо жана өткөрүү.

**Милдеттери:**

- Башталгыч класстарда окутууда компетенттүүлүк мамиленин негизинде окуучулардын когнитивдик, креативдик, уюштуруучулук жана коммуникативдик билимдерин өнүктүрүү методдорун практикалоо;
- Сабактан күтүлүүчү натыйжаларга жетишүү максатында электрондук ресурстарды жана маалымат технологияларын ийкемдүү колдонуу.

**Практиканын мазмуну**

Дистанттык мамлекеттик педпрактика учурунда практиканттар дистанттык окутуунун заманбап эффективдүү усулдарын үйрөнүшөт жана практикалайт. Электрондук окуу-усулдук материалдарды, тапшырмаларды, рекомендацияларды, окуучулардын билимдерин натыйжалуу баалоо механизмдерин иштеп чыгышат.

Башталгыч класстарда окутулуучу предметтер боюнча дистанттык сабактарды уюштурууда тематикалык принципке ылайыкташтырылган компетенттүү мамилени өздөштүрүшөт. Окуучунун индивидуалдык билим алуу өзгөчөлүгүнө карап, окуу материалдарын маалымат технологиялардын жардамы менен ийкемдүү түзүүнү өздөштүрүшөт. Мында практикалык тажрыйбалар жана жаны илимий материалдар алынат.

Практика жетекчиси, предметник-мугалим жана педагог-психолог практиканттын сабактарына онлайн катышышып, анын педагогикалык ишмердүүлүгүнө консультация жана сабактарга анализ, баа берип турушат.

**Практиканы уюштуруу жана жетекчилик кылуу**

Педагогикалык практика бөлүмүнүн негизги милдеттери*:*

-Кесиптик-базалык практиканын окуу планына ылайык уюштурулушун жана жыйынтыгын көзөмөлдөө;

-индустриалдык-педагогикалык колледждеги жана базалык мекемелердеги практика жетекчилери менен практиканын сапаттуу өтүшү боюнча жумуштарды алып баруу жана алардын ишине түздөн-түз жетекчилик жасоо;

-студенттерге индустриалдык-педагогикалык колледжден мектептерге бекитилген методисттердин иш аракетин көзөмөлдөө, тиешелүү учурда административдик чара көрүүгө сунуш берүү;

-студенттердин отчётко тиешелүү документтерининин санын жана сапатын, жыйынтык баалардын обьективдүү коюлушун, дисциплиналык цикылдардын жана деканаттагы иш кагаздарын өз убагында жана туура толтурулушун көзөмөлдөө;

-окуу пландарына жана графиктерине ылайык студенттерди практикага жөнөтүү буйругунун өз убагында даярдалышын көзөмөлдөө.

**Деканаттын милдеттери***:*

- Индустриалдык-педагогикалык колледждеги мамлекеттик практиканы дистанттык технологиялар менен уюштурууну жана жыйынтыгын учётко алууну камсыз кылат (практика базалары менен келишимдин түзүлүшүн, колледж боюнча студенттердин практиканы убагында сапаттуу өтүлүшүн жана сааттардын толук аткарылышын көзөмөлдөйт);

-практиканы өткөрүүнүн графигин түзөт;

-практиканы өткөрүү боюнча кафедранын ишин координациялайт, практика боюнча жумушчу программаларды жана жеке тапшырмаларды анализдейт жана бекитет;

-практика усулчулары үчүн дистанттык технологияларды колдонуу, дистанттык окутуунун усулдары жана баалоо механизмдери боюнча семинар уюштурат;

- Индустриалдык-педагогикалык колледждин кеңешмесинде адис даярдоочу кафедралардын практика боюнча ишин карайт, отчётун угат жана конкреттүү чечимдерди кабыл алат;

-практика боюнча документациялардын (экзамендик ведомость, студенттердии бааларынын AVN ге коюлушун, практиканын учётун алуу боюнча

электорондук журнал, электрондук зачёттук китепчелер) туура жана өз убагында толтурулушун камсыз кылат;

-практикага жөнөтүү тизмесин тактайт: убагында өтпөй калган же кечиккен студенттердии себептерин тескейт, эгер жүйөлүү себептер болсо практика бөлүмүнүн макулдугу менен буйрук аркылуу сабактардан бош мезгилде практикасын өтүүгө билдирүү жазат.

**Адис даярдоочу бөлүм башчысынын милдеттери:**

-практика өтүүчү мекеме-ишканаларын аныктайт, алар менен практиканын программасын, дистанттык технологиялар аркылуу уюштуруу жана өткөрүү маселелерин талкуулайт; студенттерди практикага жөнөтүү боюнча билдирүү даярдайт;

-студенттердин өтөгөн практика боюнча иш кагаздарын текшерет, натыйжасын кафедранын кенешмесинде талкуулайт;

-практика жетекчилиги үчүн адистиги туура келген тажрыйбалуу штаттагы окутуучуларды дайындайт жана алардын ишине системалуу түрдө көзөмөл жүргүзөт;

-практикага бөлүнгөн сааттардын окуу планына жана нормага ылайык туура эсептелишине жооп берет;

-практиканын жыйынтыгы боюнча студенттердии отчётун угууга адистиги туура келген компетенттүү окутуучулардан комиссия түзөт.

**Практика жетекчисинин милдеттери:**

-студенттерди практикага бөлүштүрүү жана жайгаштырууга байланыштуу болгон бардык уюштуруу иштерин аткарат;

-практиканын программасынын толук аткарылышына, өз убагында сапаттуу өтүшүнө жана студенттердин эмгек тартибине жооп берет;

-студент-практиканттардын иш пландарын бекитет жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт;

-практиканы жыйынтыктоо боюнча комиссиянын ишине жана конференцияга катышат;

-студенттердин өтүлгөн практика боюнча иш кагаздарын текшерет, түзүлгөн комиссия менен биргеликте баалайт жана өзү жетектеген студенттердин документтерин жана өзүнүн отчётун бөлүм башчысына тапшырат.

**Усулчусунун милдеттери:**

-практика башталардын алдында практикага чыга турган студенттерге практиканын максатын, милдеттерин түшүндүрөт;

-студенттерге дистанттык технологияларды окуу процессинде колдонуу, дистанттык окутуу усулдары, электрондук ресурстар менен иштөө боюнча семинар уюштурат;

-мектептеги класс жетекчи-мугалимдин макулдугу менен онлайн класстарга студент-практикантты туташтырат;

-студент-практиканттын практика учурундагы милдеттерин түшүндүрөт;

-класс жетекчи-мугалим менен биргеликте студент-практиканттын дистанттык мини-сабактарды өткөрүүсүн уюштурат;

-сабактын максатына ылайык кошумча электрондук ресурстар менен иштөөнү үйрөтөт;

-студент-практиканттын онлайн сабактарына туташып, анализ жасап, консультация берет;

-башка практикант-студенттердин онлайн сабактарына туташтырат жана өз ара сабактарга катыштырууну уюштурат;

-окуучулардын ата-энелери менен дистанттык иш алып баруу жолдорун көрсөтөт;

-окуучуларга психологиялык-педагогикалык мүнөздөмө жазганды үйрөтөт.

**Класс жетекчи-мугалимдин милдеттери***:*

-практикант-студентке онлайн сабактарына катыштырып, дистанттык окуу усулдарын үйрөтөт;

-практикант-студентке дистанттык мини-сабактарды уюштурууга жардам берет жана анализдейт;

-ата-энелер менен аралыктан иштөөнү үйрөтөт;

-студенттин практика боюнча иш кагаздарын дайыма текшерип турат, практиканын аягында студентке мүнөздөмө жазат, практиканын сапатын жакшыртуу максатында өз сунушун берет.

**Студент-практиканттын милдеттери***:*

-практиканын программасында көрсөтүлгөн жана кафедра тарабынан берилген тапшырмаларды өз убагында толугу менен аткаруу;

-мектептен бекитилген жетекчинин көрсөтмөлөрүн аткаруу;

-башталгыч класстарда окутулган предметтерге ылайыктуу бирден видео-сабактарды жасоо, анын негизинде отчёт даярдоо;

-өтүлгөн практика боюнча видео-сабактарын көрсөтүлгөн талапка ылайык даярдап, атайын түзүлгөн комиссиянын алдында отчёт берүү.

Эгер комиссия тарабынан студенттин практика боюнча жасаган отчёту “канааттандырарлык эмес” деп табылса, анда студентке дагы бир жолу тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет. Ал учурда да тапшыра албаса окуу планын аткарбаган студент катары окуу жайдан чыгарылат. Практика өтөгөн учурунда тигил же бул себептер менен практиканы өтөөгө мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда студент 3 күндүн ичинде дисциплиналар цикылынан бекитилген жетекчиге, бөлүм башчысына, деканга билдирет.

Жүйөлүү себепти тастыктаган документтин негизинде окуу планын аткаруу максатында буйруктун негизинде практиканы кайрадан сабактан тышкары мезгилде өтөйт. Эгер студент окуу графигиндеги практиканы эч кандай себеби жок өтөбөсө, анда ал академиялык карызы бар студент катары калат жана окуу жайынан чыгарылат. Практика учурунда пайда болгон ар кандай маселе-суроолор боюнча кафедра башчысына, деканга, окуу жайдын өндүрүштүк практика бөлүмүнө же мектептин администрациясына кайрылса болот

**Студент практиканттын отчёттуулугу**

Практиканы өтөп бүткөндөн кийин студент-практикант жасаган видео-сабактарынын негизинде практиканын жүрүшү жөнүндө кеңири слайд жана жазуу түрүндө отчёт даярдайт. Практикага тиешелүү документтерди студент дисциплиналар цикылы тарабынан дайындалган жетекчисине тапшырат.

Отчётко камтылуучу материалдар:

-дистанттык технологияларды колдонуу менен өтүлгөн 5 видео- сабак;

-дистанттык формада окуучулардын ата-энелери менен иш алып барган

2 фото далилдери;

- 5 сабактын иштелген планы;

-1 окуучуга жазылган психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү.

**Педагогикалык практиканы жыйынтыгын баалоо критерийлери:**

- Студенттин кесиптик-педагогикалык көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээли;
- Студенттин компьютердик-маалыматтык технологияларды өздөштүрүү денгээли жана анын сабактын күтүлүүчү натыйжаларына багытталып ийкемдүү колдонулушу;
- Дистанттык башталгыч класста окутуунун натыйжалуу усулдарын өздөштүрүү деңгээли;
- Электрондук окуу-усулдук материалдарды дистанттык окуунун өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтыруу мүмкүнчүлүгү;
- Окуучуга психологиялык жана педагогикалык мүнөздөмө бере алышы;
- Кесиптик маданиятты сактай билиши.

Студенттердин малекеттик-базалык практикасынын отчету төмөнкүдөй балл менен бааланып, балл баага айландырылат:

- Студенттин отчётундагы практиканын программасынын аткарылышынын деңгээли......................................................(0-60) балл
- Эне тили(кыргыз же орус) сабагына жасаган видео-сабагы үчүн (0-10) балл
- Адабий окуу сабагы үчүн жасаган видео-сабагы үчүн (0-10) балл
- Математика сабагы үчүн жасаган видео-сабагы үчүн (0-10) балл
- Адеп же тарбиялык саат сабагы үчүн жасаган видео-сабагы үчүн (0-05) балл
- Мекен таануу же көркөм өнөр сабагы үчүн жасаган видео-сабагы үчүн (0-05) балл
  балл
- Бардык суммасы.......................................................................100 балл

**Практиканын жыйынтыгында практикант-студент**:

- Мектеп окуучуларынын жаш курактарын жана маалыматты кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн эске алып дистанттык сабактын планын түзө алат;
- Сабактын максатына ылайык электрондук окуу-усулдук материалдарды, мультимедиялык технологияларды ийкемдүү, билгичтик менен колдонот;
- Дистанттык билим берүүнүн заманбап усулдарын, сабак өтүүнүн интерактивдүү формаларын өздөштүрөт;
- Окуучулардын билимин баалоонун технологияларын натыйжалуу колдонот;
- Окуучуга педагогикалык-психологиялык мүнөздөмө бере алат;
- Ата-энелер менен кайтарым байланышты дистанттык формада түзүүнү үйрөнөт.

Мугалимдердин жана болочок мугалимдердин өзүн-өзү
оркүндотүүсүнун жана тарбиялоосунун маданияты.
1. Окутуучунун өзун-өзү өркүндөтүүсүн жана өзүн-өзү тарбиялоосунун маңызы.

Азыркы демократия жолунда саясаттагы, экономикадагы, акыпсойлордогу революциялык бурулуштар адам жөнүндөгү түшүнүктөрдү
жаңыча баалап, коомдук прогресстеги жеке адамдын ролун жогору
көтөрүү менен тыгыз байланыппкан. Администртивдик-командалык
башкаруу системасынын жоюлуп бара жаткандыгына байланыштуу
коомго активдүү, чыгармачыл, ишкер инсандарга керектөөлөр улам күчөп барууда. Ушуга байланыштуу жогорку окуу жайларда билим берүү
кайра куруу менен педагогикалык кадрларга жаңыча талаптарды коюп
жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Жаңыча талап 1993-жьшы 25-августа
№395 Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн кабыл алган ток- томунда
мамилекеттик билим берүү стандарты боюнча негизинен
төмөнкүчөкоюлган:

- өмүр бою тынымсыз билим алууга жана алган билимин жаңыртуугаумтулуу;
- мезгилдин жагдайын талдап билуү, аны жьшынтыктоо, жалпы- лоо,
сын көз караш менен логикалык, абстракттык жана образ- дуу ой
жүгүртө билүү;
- проблемаларды, карама-каршылыктарды көрө билүү, сунуштар- ды
киргизүү;
- маалыматтарды түзө билүү, аны түшүндүрүү, сактоо жана жайылтуу, башкаларга маалымдоо;
- кызматташтыккажөндөмдүүлүгүнкөрсөтүү;
- дени чың, жан дүйнөсүнүн молдугуна умтулуу;
- жалпы адамзаттык, улуттук каада-салтты, этиканы, укуктук нормалардыг жана демократиянын принциптерин бекем кармоо;
- социалдык компетенттүүлүк, толеранттуулук жана активдүүлүк,
өзүнүн иш аракетин пландуулук менен жүргүзүү, анын жыйынтыгын объективдүү баалай билүү;
- айланачөйрөнүсактайбилүү,

Жогоруда көрсөтүлгөндөр азыркы мугалимдерге коюлган талаптар.
Ошондуктан бүгүнкү күнү саясий, сабак берген предмети боюнча илимдин жетишкендикгерин билүү, коомдо болуп жаткан

процесстерди талдоо деңгээли жогору болуу талап кылынат. Бирок, азьфкы педагогдорду даярдоо системасьш бир бутүндөй система деп айтууга болбойт.Анткени психологиялык жана педагогикалык жагдайда теорияльнс билим алгандан кийин практикага кирип кетиши кандайдьф окутуучуну толук сыноого мүмкүндүк бербейт. Окутуучуну бир бүтүндөй система менен даярдоо үчүн, анын жекече инсандыгынан фундаменталдык билимге жана анын жеке ч ыгармач ылыгынан практикага киргизүү зарыл.

Ошондо гана өзүн-өзү өркүндөтүүнүн, өзүн-езү тарбиялоонун негизинде окутуучу жеке педагогикалык адистигин өөрчүтө алат.

Тыньшсыз өзүн-өзү өркүндөтүү,өзүн-өзү тарбиялоо октуучунун
бирден бир эмгегинин жогорку маданиятьша кирет. Анткени, анын жекече эмгегинин чыгармачылык менен баардык этапта туура уюштурулушу түздөн-түз педагогикалык ой- жүгүртүүнүн денгээли-не, педагогикалык мамилелердин маданиятьша, сапатына он таасирин тийгизет.

Андай болбосо рынок шартьщда атаандаш болууга профессионалдар жана жогорку квалификациялуу адистер гана жөндөмдүү.

Кесиптик билимдер тез эскириши белгилүү. Эксперттердин баала-рьша
караганда, жьш сайын мугалимден ээ болууга тийиш болшн
профессионалдьпс билимдердин 90 проценти жаныланып турат.Компетенеттүүлүк 4 жылда 50 процентке, ал эми 8 жылда 100 процентке төмөндөйт.(Кут билим,29.12.99).

Ошентип, өзүн-өзү өркундөтүү, өзүн-өзү тарбиялоо,сунуш кылыньш жаткан китепченин негизги мазмуну болмокчу.

Өзүн-өзү өркүндөтүү, өзүн-өзү тарбиялоо бүгүн эле чыгьш калган
маселе эмес. Бул маселе окумуштуу педагогдордун, философтордун
көнүлүн илгертеден бери буруп келишкен. Бирок, көбүн эле бул маселе
негизинен мекгептин позициясынан чыга алган эмес. Ошонду- киан
өзүн-өзү өркүндөтүү жана өзүн- өзү тарбиялоо проблемасы билим жана
тарбия берүү проблемасынан кийин коюулуп, экиичи орунда калып
келген. Ал тургай билим жана тарбия берүүнүн ичине синип да
кенкенучур болгон жана болуп жатат.

Ошон үчүн өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн^ззү өркүндөтүү түшүнүктөрүнө алиге чейин ар кандай аньпстамалар берилип келе жатат.

«Ошондуктан,-дейт профессор С.Байгазиев,-эвалюцияны күтүп
отурбай чечкиндүү гүрдө изденйшибиз зарыл.Тарыхтын сыноосунан өтүп

келаткан бир жол, ишенимдүү курал бар.Ал курал өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн-өзү өркүндөтүү куралы», (Кыргыз-Туусу, 29-январдан- 1-февралга чейин,1999-ж)

Андан ары проф. С.Байгазиев маселени дүйнөгө белгилүү айты- луу агартуучу Бенджамин Франкликдин өзүн-өзү тарбиялоо, өркүи- дөтүү боюнча жасаган иштерин мисалга келтирет.

Бенджамин Франклин жаш чагында типографияда катардагы жумушчу болуп иштеп жүрүп, өз заманынын мыкты,£щдынкы ада- мы болууга бел байлаган. Күндөлүк жүрүм-турум планын түзүп чыккан. Алар төмөнкүлөр:

1. Өзүн-өзү кармай билүү.
2. Унчукпастык.
3. Тартиптүүлүк.
4. Ачыктык.
5. Калыстык.
6. Үнөмчүлдүк. . ^. .
7. Оор басырыктуулук.
8. Чечкиндүүлүк.
9. Тазалык.
10. Токтоолук.
11. Пакизалык.
12. Жөнөкөйлүк.